КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 27-августу, № 517

**Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгарууну жөнгө салуу максатында, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 33-беренесин, «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-декабрындагы № 601 «Философия доктору (PhD)/тармак боюнча докторду даярдоо маселелерин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Торагасы** **А.У. Жапаров**

010241*

---

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 27 августа 2024 года № 517

**Об утверждении Положения о порядке организации послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю и присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю**

В целях регулирования послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю и присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю, руководствуясь статьей 33 Закона Кыргызской Республики «Об образовании», статьей 12 Закона Кыргызской Республики «О науке», в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение о порядке организации послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю и присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю согласно приложению.

2. Признать утратившим силу постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении актов, регулирующих вопросы подготовки доктора философии (PhD)/доктора по профилю» от 11 декабря 2020 года № 601.

3. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

010245*

Тиркеме

**Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо илимий, илимий-техникалык уюмдардын жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын (мындан ары – билим берүү уюмдары) жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантура программасын жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгарууну ишке ашыруу боюнча иш тартибин аныктайт.

2. Ушул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

1) PhD диссертациясы – жаңы илимий натыйжаларды камтыган жана автордун илимге болгон жеке салымы жөнүндө күбөлөндүргөн, өз алдынча илимий изилдөөнү билдирген квалификациялык иш;

2) PhD/тармак боюнча докторантура – билим берүү ишин жана илимий изилдөөлөрдү интеграциялоону камсыздоочу, PhD диссертациясын ачык коргоонун натыйжасы боюнча философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу менен жогорку квалификациялуу адисти даярдоочу жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик илимий-билим берүү программасы;

3) калыстар тобу – PhD диссертациясын экспертизадан, алдын ала коргоону жана ачык коргоону өткөрүү үчүн билим берүү уюмдары тарабынан түзүлгөн эксперттик топ;

4) илимий жетекчи – докторанттардын илимий изилдөөлөрүн илимий жетектөө, жыйынтыктарын контролдоо жана аттестациялоо үчүн дайындалган илимий адис же илимий адистердин тобу;

5) PhD/тармак боюнча докторантуранын окуу планы – окутуу максаттарына жана натыйжаларына жетүүгө багытталган окуу дисциплиналарынын, практикалардын жана/же стажировкалардын, илимий-изилдөө ишинин түзүмдөштүрүлгөн жыйындысы.

3. Өзгөчө статуска ээ болгон жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын кошпогондо, билим берүү уюмдары менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан лицензиянын негизинде иш жүргүзөт.

Приложение

**Положение о порядке организации послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю и присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящее Положение определяет порядок деятельности научных и научно-технических организаций и образовательных организаций высшего профессионального образования (далее – образовательные организации) по реализации программ послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю и присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю.

2. В настоящем Положении используются следующие понятия и определения:

1) диссертация PhD – квалификационная работа, представляющая самостоятельное научное исследование, содержащее новые научные результаты и свидетельствующее о личном вкладе автора в науку;

2) докторантура PhD/по профилю – послевузовская профессиональная научно-образовательная программа, обеспечивающая интеграцию образовательной деятельности и научных исследований, осуществляющая подготовку специалиста высшей квалификации с присуждением по результатам публичной защиты диссертации PhD ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю;

3) жюри – экспертная группа, создаваемая образовательной организацией для проведения экспертизы, предварительной защиты и публичной защиты диссертации PhD;

4) научный руководитель – научный специалист или группа научных специалистов, назначаемых для осуществления научного руководства, контроля результатов и аттестации научных исследований докторантов;

5) учебный план докторантуры PhD/по профилю – структурированная совокупность учебных дисциплин, практик и/или стажировок, научно-исследовательской работы, направленных на достижение целей и результатов обучения.

3. Образовательные организации, независимо от форм собственности и ведомственной принадлежности, осуществляют деятельность на основе лицензии, за исключением образовательных

4. Билим берүү программасы аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюмдары философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документти берүүгө укуктуу.

## 2-глава. PhD/тармак боюнча докторантурага кабыл алуу тартиби

5. PhD/тармак боюнча докторантурага ушул Жобого жана Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык «магистр» же «адис» квалификациясы менен жогорку кесиптик билими бар адамдар тапшырууга укуктуу. Медициналык багыт боюнча PhD/тармак боюнча докторантурага ординатураны аяктаган адамдар тапшырууга укуктуу.

6. PhD/тармак боюнча докторантурага тапшыруу үчүн берилүүчү документтер:

1) билим берүү уюмунун жетекчисинин атына арыз;

2) жогорку кесиптик билими жөнүндө дипломдун нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

3) чет өлкөлүк окуу жайлардан берилген билими жөнүндө документтердин деңгээлин жана мазмунун ырастоо тууралуу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын маалыматы.

Паспорт же аскердик билет (Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн) арыз тапшырууда жекече көрсөтүлөт.

7. PhD/тармак боюнча докторантурага тапшыруу конкурсу тандалган билим берүү багыты жана англис тили боюнча кирүү сынактарынын жыйынтыгынын негизинде жүргүзүлөт.

8. PhD/тармак боюнча докторантурага кабыл алуу жыл сайын 20-июндан тартып 10-октябрга чейин өткөрүлөт.

9. PhD/тармак боюнча докторантурага кабыл алууну уюштуруу үчүн билим берүү уюмунун буйругу менен жетекчинин төрагалыгы алдында билим берүү программасынын багыты боюнча жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык жана илимий кадрлардын ичинен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт.

Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жылды түзөт.

10. Багыт боюнча кирүү сынактарына кабыл алуу курамына (PhD)/тармак боюнча доктор, илимдин кандидаты, илимдин доктору окумуштуулук даражасы же бул кесиптик тармакта профессор наамы бар адистер кирген, билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн экзамендик комиссиялар тарабынан жүргүзүлөт.

Чет тили, чыгармачылык багыттар жана маалыматтык технологиялар боюнча экзамендик комиссиялар окумуштуулук



организаций высшего профессионального образования, обладающих особым статусом.

4. Право на выдачу документа государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю имеют образовательные организации, прошедшие аккредитацию образовательной программы.

## Глава 2. Порядок приема в докторантуру PhD/по профилю

5. В докторантуру PhD/по профилю имеют право поступать лица, имеющие высшее профессиональное образование с квалификацией «магистр» или «специалист» в соответствии с настоящим Положением и международными договорами, вступившими в силу в установленном порядке, участницей которых является Кыргызская Республика. В докторантуру PhD/по профилю по медицинскому направлению имеют право поступать лица, окончившие ординатуру.

6. Документы, предоставляемые для поступления в докторантуру PhD/по профилю:

1) заявление на имя руководителя образовательной организации;

2) нотариально заверенная копия диплома о высшем профессиональном образовании;

3) справка уполномоченного государственного органа в области образования и науки Кыргызской Республики о подтверждении уровня и содержания документов об образовании, выданных зарубежными учебными заведениями.

Паспорт или военный билет (для граждан Кыргызской Республики) предъявляются лично при подаче заявления.

7. Конкурс на поступление в докторантуру PhD/по профилю проводится на основании результатов вступительных испытаний по выбранному образовательному направлению и английскому языку.

8. Прием в докторантуру PhD/по профилю проводится ежегодно с 20 июня по 10 октября.

9. Для организации приема в докторантуру PhD/по профилю приказом образовательной организации создается приемная комиссия под председательством руководителя из числа высококвалифицированных научно-педагогических и научных кадров по направлению образовательной программы.

Срок полномочий приемной комиссии составляет один год.

10. Прием вступительных испытаний по направлению проводится экзаменационными комиссиями, созданными приказом руководителя образовательной организации, в состав которых входят специалисты с ученой степенью доктора PhD/по профилю, кандидата наук, доктора наук или званием профессора данной профессиональной области.

даражасы жана илимий наамы жок квалификациялуу окутуучулардан түзүлүшү мүмкүн.

Кирүү сынактарын кайрадан тапшырууга жол берилбейт.

Кирүү сынактарын өткөрүү тартиби, кабыл алуу жана экзамендик комиссиянын иш тартиби билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

11. PhD/тармак боюнча докторантурага кабыл алуу билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен таризделет.

## 3-глава. PhD/тармак боюнча докторантурада окутууну уюштуруу тартиби

12. PhD/тармак боюнча докторантуранын окуу планы билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

PhD докторанттарын окутуу процессинде жекече окуу планына жол берилет. Жекече окуу планы PhD докторантынын өзгөчөлүктөрүн жана билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыгат. PhD диссертациясынын үстүндө иштөө графиги докторанттын жекече окуу планында көрсөтүлөт.

13. PhD/тармак боюнча докторантурада окуу 3 жылдан кем эмес мөөнөттү түзөт.

Жекече окуу планы боюнча PhD докторантын окутууда билим берүү уюму окуу мөөнөтүн 2 жылдан ашык эмес мөөнөткө (өзгөчө учурларда 3 жылга) узартууга укуктуу.

14. PhD/тармак боюнча докторантурада окуу күндүзгү формада жүргүзүлөт. Аралыктан билим берүү технологияларын колдонууга жол берилет.

15. Программанын сыйымдуулугу программанын өзгөчөлүктөрүнө жараша 180ден 240ка чейинки кредитти түзөт, анын ичинде 45тен ашпаган кредит окуу дисциплиналарын үйрөнүүгө жумшалат. Илимий-изилдөө ишинин сыйымдуулугу практикаларды жана/же стажировкаларды, ошондой эле аттестациялардын бардык түрлөрүн, анын ичинде PhD диссертациясын ачык коргоону кошкондо, 135тен кем эмес кредитти түзөт.

16. PhD доктoранты окуу учурунда диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктарын чагылдырган экиден кем эмес илимий макаланы Scopus жана Web of Science эл аралык системаларында индекстелүүчү мезгилдүү илимий басылмаларга жарыялоого милдеттүү.

17. PhD докторанты окуу учурунда эки жумадан кем эмес мөөнөткө чет өлкөлүк илимий-изилдөө стажировкасынан жана/же практикадан өтүүгө тийиш.

18. Билим берүү уюму PhD докторантын окумуштуулук даражасы бар эки илимий жетекчинин илимий жетекчилиги менен камсыздайт, алардын бири чет өлкөлүк уюмдан болууга тийиш.



Экзаменационные комиссии по иностранному языку, творческим направлениям и информационным технологиям могут состоять из квалифицированных преподавателей, не имеющих ученой степени и ученого звания.

Пересдача вступительных испытаний не допускается.

Порядок проведения вступительных испытаний, порядок деятельности приемной и экзаменационных комиссий определяются образовательной организацией.

11. Зачисление в докторантуру PhD/по профилю оформляются приказом руководителя образовательной организации.

## Глава 3. Порядок организации обучения в докторантуре PhD/по профилю

12. Учебный план докторантуры PhD/по профилю разрабатывается и утверждается образовательной организацией.

В процессе обучения докторантов PhD допускается индивидуальный учебный план. Индивидуальный учебный план разрабатывается с учетом особенностей и образовательных потребностей докторанта PhD. График работы над диссертацией PhD указывается в индивидуальном учебном плане докторанта.

13. Срок обучения в докторантуре PhD/по профилю составляет не менее 3 лет.

При обучении докторанта PhD по индивидуальному учебному плану образовательная организация вправе продлить срок обучения, но не более чем на 2 года (в исключительных случаях на 3 года).

14. Обучение в докторантуре PhD/по профилю осуществляется по очной форме. Допускается использование дистанционных образовательных технологий.

15. Трудоемкость программы составляет от 180 до 240 кредитов в зависимости от особенностей программы, из них не более 45 кредитов отводится на изучение учебных дисциплин. Трудоемкость научно-исследовательской работы составляет не менее 135 кредитов, включая практики и/или стажировки, а также все виды аттестаций, в том числе публичную защиту диссертации PhD.

16. Докторант PhD обязан за время обучения опубликовать не менее двух научных статей, отражающих научные результаты диссертационного исследования, в периодических научных изданиях, индексируемых международными системами Scopus и Web of Science.

17. Докторант PhD должен за время обучения пройти зарубежную научно-исследовательскую стажировку и/или практику сроком не менее двух недель.

18. Образовательная организация обеспечивает докторанту PhD научное руководство двух научных руководителей с учеными степенями, один из которых должен быть из зарубежной организации.

Илимий жетекчилик аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Илимий жетекчинин кесиптик компетенттүүлүгү Scopus жана/же Web of Science базаларында индекстелүүчү чет өлкөлүк жана ата мекендик илимий басылмаларда жарыяланган минимум эки илимий публикация менен ырасталат.

Чет өлкөлүк окуу жайдын дипломy бар илимий жетекчи үчүн илимий даражаны ыйгаруу жөнүндө дипломду нострификациялоо жол-жобосунан өткөрүү талап кылынбайт.

19. Тармагы боюнча илимий жетекчи (жетекчилер) жок учурда бир илимий жетекчи – чет өлкөлүк илимий жана/же окуу жайында иш стажына ээ, тиешелүү тармактагы адис илимий жетекчиликти жүргүзүшү мүмкүн.

20. PhD докторанттары билим берүү уюмунун илимий жана илимий-педагогикалык кызматкерлери менен бирдей жабдууларды, лабораторияларды, кабинеттерди, китепканаларды, командировкага чыгуу укугун, экспедицияларга катышуу укугун ж.б. пайдалана алат.

21. PhD докторантынын илимий-изилдөө иши жылына бир жолу жекече окуу планына ылайык илимий жетекчилер тарабынан аттестацияланат.

22. PhD диссертациясы төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

1) фундаменталдык жана/же прикладдык илимий планда актуалдуу проблематикага шайкеш келүүгө;

2) PhD диссертациясы корголгон тармакка шайкеш келүүгө;

3) илимдин, техниканын жана өндүрүштүн алдыңкы теориялык, методикалык жана технологиялык жетишкендиктерине негизделүүгө;

4) илимий жаңылыкты камтууга жана изилденген тармактагы изилдөөнүн жана билимдин алдыңкы илимий методдоруна таянууга;

5) конкреттүү илимий тыянактарды жана практикалык сунуштамаларды, теориялык жана/же прикладдык тапшырмалардын чечүүнү камтууга.

23. PhD диссертациясынын темасы Кыргыз Республикасынын илимин өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына ылайык түзүлөт.

PhD диссертациясынын темасы билим берүү уюму тарабынан белгиленген тартипте окумуштуулар кеңеши же илимий-техникалык кеңеш тарабынан бекитилет.

24. PhD диссертациясы PhD/тармак боюнча докторантурада окуу мөөнөтү аяктаганга чейин үч айдан кечиктирилбестен билим берүү уюмунун PhD/тармак боюнча докторантура түзүмдүк бөлүмүнө берилет.

25. PhD диссертациясы эл аралык маалыматтар базалары боюнча антиплагиат системасында көчүрүп алуулардын болгондугун текшерүүдөн өтөт.



Научное руководство может осуществляться с применением дистанционных образовательных технологий.

Профессиональная компетентность научного руководителя подтверждается как минимум двумя научными публикациями в зарубежных и отечественных научных изданиях, индексируемых в базах Scopus и/или Web of Science.

Для научного руководителя, имеющего диплом зарубежного учебного заведения, прохождение процедуры нострификации диплома о присуждении ученой степени не требуется.

19. В случае отсутствия научного руководителя(ей) по профилю научное руководство может осуществляться одним научным руководителем – специалистом соответствующего профиля, имеющим стаж работы в зарубежном научном и/или учебном заведении.

20. Докторанты PhD могут пользоваться оборудованием, лабораториями, кабинетами, библиотеками, правом на командировки, правом на участие в экспедициях и т.д. наравне с научными и научно-педагогическими работниками образовательной организации.

21. Научно-исследовательская работа докторанта PhD аттестуется один раз в год научными руководителями в соответствии с индивидуальным учебным планом.

22. Диссертация PhD должна отвечать следующим требованиям:

1) соответствовать актуальной проблематике в фундаментальном и/или прикладном научном плане;

2) соответствовать профилю, по которому защищается диссертация PhD;

3) основываться на передовых теоретических, методических и технологических достижениях науки, техники и производства;

4) содержать научную новизну и опираться на передовые научные методы исследования и знания в изучаемой области;

5) содержать конкретные научные выводы и практические рекомендации, решения теоретических и/или прикладных задач.

23. Тема диссертации PhD формируется преимущественно в соответствии с приоритетными направлениями развития науки Кыргызской Республики.

Тема диссертации PhD утверждается ученым советом или научно-техническим советом в порядке, установленном образовательной организацией.

24. Диссертация PhD представляется в структурное подразделение докторантуры PhD/по профилю образовательной организации не позднее чем за три месяца до завершения срока обучения в докторантуре PhD/по профилю.

25. Диссертация PhD проходит проверку на наличие заимствований в системе антиплагиат по международным базам данных.

Оригинальность текста диссертации PhD должна составлять:

PhD диссертациясынын текстинин оригиналдуулугу төмөнкүдөй түзүлөт:

1) коомдук жана гуманитардык илимдер – 75 %дан кем эмес;

2) табигый-илимий, техникалык, физика-математикалык илимдер – 85 %дан кем эмес;

3) медициналык, агрардык жана биологиялык илимдер – 88 %дан кем эмес.

Цитата келтирүү жана өзүн-өзү цитаталоо тексттин оригиналдуулугунун көлөмүнө кирет.

PhD докторантынын илимий-изилдөө ишин аттестациялоо жол-жобосу, PhD диссертациясынын көлөмүнө, аны тариздөөгө жана анын түзүмүнө коюлган талаптар билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

26. Билим берүү уюмунун PhD/тармак боюнча докторантура түзүмдүк бөлүмү PhD диссертациясын экспертизалоонун төмөнкүдөй этаптарын жүзөгө ашырат:

1) коомдук талкуулоо менен бирге калыстар тобу тарабынан PhD диссертациясын экспертизалоо;

2) PhD диссертациясын алдын ала коргоо;

3) PhD диссертациясын ачык коргоо.

PhD диссертациясын коомдук талкуулоо, экспертизалоо, алдын ала коргоо жана ачык коргоо тартиби ушул Жобого ылайык билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

27. PhD диссертациясын экспертизалоо, алдын ала жана ачык коргоо үчүн билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен беш кишиден турган калыстар тобунун курамы түзүлөт.

Калыстар тобунун курамына илимдин тиешелүү жана/же тектеш тармагындагы эксперттер кирет, алардын үчөө башка билим берүү уюмдарынан болууга, анын ичинде бирден кем эмес чет өлкөлүк өкүл болууга тийиш.

Калыстар тобунун курамына кирүүгө талапкерлер ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий басылмаларда илимий публикациялары, анын ичинде. Scopus жана/же Web of Science эл аралык системаларында индекстелүүчү илимий басылмаларда экиден кем эмес публикациясы бар, бул кесиптик тармакта PhD/тармак боюнча доктор, илимдин кандидаты, илимдин доктору окумуштуулук даражасы же профессордун наамы бар адистер болууга тийиш.

Илимий жетекчи калыстар тобунун курамына кирбейт.

Калыстар тобунун төрагасы биринчи жыйында калыстар тобунун мүчөлөрү тарабынан шайланат.

Калыстар тобунун чет өлкөдө берилген илимий даражаны ыйгаруу жөнүндө дипломду бар мүчөлөрү үчүн нострификациялоо жол-жобосунан өтүү талап кылынбайт.

28. Калыстар тобунун жыйыны видеого жазылат, калыстар тобунун чечими протокол менен тариздедет.



1) общественные и гуманитарные науки не менее – 75 %;

2) естественно-научные, технические, физико-математические науки – не менее 85 %;

3) медицинские, аграрные и биологические науки – не менее 88 %.

Цитирование и самоцитирование включается в объем оригинальности текста.

Процедура аттестации научно-исследовательской работы докторанта PhD, требования к объему, оформлению и структуре диссертации PhD определяются образовательной организацией.

26. Структурное подразделение докторантуры PhD/по профилю образовательной организации осуществляет следующие этапы экспертизы диссертации PhD:

1) экспертиза диссертации PhD, проводимая жюри параллельно с общественным обсуждением;

2) предварительная защита диссертации PhD;

3) публичная защита диссертации PhD.

Порядок проведения общественного обсуждения, экспертизы, предварительной защиты и публичной защиты диссертации PhD определяется образовательной организацией в соответствии с настоящим Положением.

27. Для проведения экспертизы, предварительной и публичной защиты диссертации PhD приказом руководителя образовательной организации формируется состав жюри из пяти человек.

В состав жюри входят эксперты из соответствующей и/или смежной области науки, трое из которых должны быть из других образовательных организаций, в том числе не менее одного зарубежного представителя.

Претенденты на включение в состав жюри должны быть специалистами с ученой степенью доктора (PhD)/доктора по профилю, кандидата наук, доктора наук или званием профессора данной профессиональной области, имеющие научные публикации в отечественных и зарубежных научных изданиях, в том числе не менее двух публикаций в научных изданиях, индексируемых международными системами Scopus и/или Web of Science.

Научный руководитель не входит в состав жюри.

Председатель жюри избирается членами жюри на первом заседании.

Для членов жюри, имеющих дипломы о присуждении ученой степени, выданные за рубежом, прохождение процедуры нострификации не требуется.

28. Заседания жюри фиксируются видеозаписью, решения жюри оформляются протоколом.

29. Общественное обсуждение диссертации PhD проводится не позднее чем за три месяца до предварительной защиты.

29. PhD диссертациясын коомдук талкуулоо алдын ала коргоого чейин үч айдан кечиктирилбестен өткөрүлөт.

PhD диссертациясын коомдук талкуулоонун натыйжасында тышкы пикирлер келип түшүүсү мүмкүн, алар алдын ала коргоодо баяндалат.

30. Экспертизанын жыйынтыгы боюнча калыстар тобунун ар бир мүчөсү PhD диссертациясы боюнча корутунду берүүгө тийиш.

Корутундуда төмөнкүлөр берилет:

1) PhD диссертациясынын тематикасын бекитүү, тема өзгөргөн учурда – өзгөртүүнүн негиздемеси;

2) илимий жетекчилик, алмашкан учурда – чечимдин негиздемеси;

3) PhD диссертациясы алгачкы жолу же кайрадан берилдиби. Кайрадан берилген учурда – PhD диссертациясына сын-пикирлерди жоюу боюнча толук маалымат;

4) PhD диссертациясынын тандалган тематикасынын актуалдуулугу;

5) PhD диссертациясынын мазмунунун изилдөөнүн темасына шайкештиги;

6) изилдөөнүн жыйынтыктарынын аныктыгы, тыянактардын жана сунуштамалардын негиздүүлүгү;

7) коргоого чыгарылган илимий жыйынтыктардын жаңылыгы;

8) изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий, практикалык, экономикалык, социалдык маанилүүлүгү;

9) публикациялардын тизмесин жана мүнөзүн тиркөө менен диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктарын жарыяланган иштерде баяндоо;

10) PhD диссертациясында берилген илимий жыйынтыктарды алууга автордун жеке катышуусу.

31. Калыстар тобу тарабынан PhD диссертациясына жүргүзүлгөн экспертиза жана коомдук талкуулоо аяктагандан кийин PhD/тармак боюнча докторантура түзүмдүк бөлүмү калыстар тобунун мүчөлөрүнүн катышуусу менен алдын ала коргоону уюштурат.

32. Алдын ала коргоодо PhD докторанты төмөнкүлөрдү берет:

1) PhD диссертациясын кагаз түрүндө жана электрондук вариантта;

2) диссертациялык изилдөөнүн темасы боюнча илимий публикацияларды;

3) тышкы пикирлерди (болсо);

4) диссертациялык изилдөөнүн кыскача мазмунун баяндоо менен эл алдында чыгып сүйлөөнү;

5) калыстар тобунун мүчөлөрүнүн экспертизасынын корутундусун;

6) илимий жетекчилердин пикирлерин;

7) көчүрүп алуу жөнүндө маалыматты;



В результате общественного обсуждения диссертации PhD могут поступить внешние отзывы, которые озвучиваются на предварительной защите.

30. По итогам экспертизы каждый член жюри должен представить заключение по диссертации PhD.

В заключении отражается следующее:

1) утверждение тематики диссертации PhD, в случае изменения темы – обоснование изменения;

2) научное руководство, в случае замены – обоснование решения;

3) представлена ли диссертация PhD впервые или повторно. В случае повторного представления – исчерпывающая информация по устранению замечаний к диссертации PhD;

4) актуальность избранной тематики диссертации PhD;

5) соответствие содержания диссертации PhD теме исследования;

6) достоверность результатов исследований, обоснованность выводов и рекомендаций;

7) новизна научных результатов, выносимых на защиту;

8) научная, практическая, экономическая, социальная значимость результатов исследования;

9) изложение научных результатов диссертационного исследования в опубликованных работах с приложением списка и характера публикаций;

10) личное участие автора в получении научных результатов, представленных в диссертации PhD.

31. По завершении экспертизы диссертации PhD, проводимой жюри, и общественного обсуждения структурное подразделение докторантуры PhD/по профилю организует предварительную защиту с участием членов жюри.

32. На предварительной защите докторант PhD представляет:

1) диссертацию PhD в твердом и электронном варианте;

2) научные публикации по теме диссертационного исследования;

3) внешние отзывы (при наличии);

4) публичное выступление с изложением краткого содержания результатов диссертационного исследования;

5) заключения экспертизы членов жюри;

6) отзывы научных руководителей;

7) справку о наличии заимствований;

8) выписку об утверждении темы диссертации PhD.

33. За месяц до предварительной и публичной защиты на сайте образовательной организации размещается объявление о времени и месте защиты с указанием темы диссертации PhD, информации о докторанте PhD и научных руководителях.

8) PhD диссертациясынын темасын бекитүү жөнүндө көчүрмөнү.

33. Алдын ала коргоого жана ачык коргоого чейинки бир айда билим берүү уюмунун сайтына PhD диссертациясынын темасын, PhD доктoранты жана илимий жетекчилер жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен коргоо убактысы жана жери жөнүндө жарыя жайгаштырылат.

34. PhD диссертациясын алдын ала коргоонун жыйынтыгы боюнча калыстар тобунун мүчөлөрү төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алат:

1) PhD диссертациясын коргоого сунуштоо;

2) PhD диссертациясына карата берилген сын-пикирлерди жойгондон кийин аны коргоого сунуштоо;

3) PhD диссертациясын четке кагуу.

Сын-пикирлерди жоюу үчүн PhD докторантына үч айдан алты айга чейин мөөнөт берилет.

Алдын ала экспертизанын жыйынтыгы боюнча калыстар тобунун PhD диссертациясын четке кагуу жөнүндө чечимин алган PhD доктoранты жеке окуу планын аткарган эмес деп эсептелет жана PhD/тармак боюнча докторантура түзүмдүк бөлүмүнүн сунушу боюнча билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен PhD/тармак боюнча докторантурадан чыгарылууга тийиш. Мындай учурда окуудан чыгарылган PhD докторантына анын жеке арызынын негизинде эки жуманын ичинде өздөштүрүлгөн дисциплиналардын тизмегин, алардын сыйымдуулугун жана жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иши жөнүндө маалыматты камтыган транскрипт берилет.

35. Алдын ала коргоодо калыстар тобунун мүчөлөрү тарабынан берилген сын-пикирлер жана сунуштамалар жоюлган шартта PhD докторантына ачык коргоого киргизүүгө уруксат берилет. Сын-пикирлерди жоюуну ырастоо көчүрүп алуу жөнүндө жаңыртылган маалыматты берүү менен макулдашуу барагында калыстар тобунун мүчөлөрүнүн колу менен күбөлөндүрүлөт. PhD диссертациясын алдын ала коргоодогу сын-пикирлерди жоюунун макулдашуу барагынын формасы билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

## 4-глава. Калыстар тобунун чечимине апелляцияны кароо тартиби

36. Алдын ала экспертизанын жыйынтыгы боюнча калыстар тобунун PhD диссертациясын четке кагуу жөнүндө чечимин алган PhD доктoранты жазуу жүзүндөгү апелляциялык арызды билим берүү уюмунун жетекчисинин атына берүүгө укуктуу.

37. PhD доктoранты тарабынан апелляциялык арыз эркин формада, чечим чыгарылган күндөн тартып 2 айдын ичинде берилет.



34. По результатам предварительной защиты диссертации PhD членами жюри принимаются следующие решения:

1) рекомендовать диссертацию PhD к защите;

2) рекомендовать диссертацию PhD к защите после устранения замечаний;

3) отклонить диссертацию PhD.

На устранение замечаний докторанту PhD предоставляется срок от трех до шести месяцев.

Докторант PhD, получивший по результатам предварительной экспертизы решение жюри об отклонении диссертации PhD, считается не выполнившим индивидуальный учебный план и подлежит отчислению из докторантуры PhD/по профилю приказом руководителя образовательной организации по представлению структурного подразделения докторантуры PhD/по профилю. В этом случае отчисленному докторанту PhD на основании личного заявления в течение двух недель выдается транскрипт, содержащий перечень освоенных дисциплин, их трудоемкость и информацию о проведенной научно-исследовательской работе.

35. К публичной защите допускаются докторанты PhD при условии устранения замечаний и рекомендаций, выданных членами жюри на предварительной защите. Подтверждение устранения замечаний заверяется подписями членов жюри на листе согласования с предоставлением обновленной справки на наличие заимствований. Форма листа согласования устранения замечаний предварительной защиты диссертации PhD определяется образовательной организацией.

## Глава 4. Порядок рассмотрения апелляции на решение жюри

36. Докторанты PhD, получившие по результатам предварительной экспертизы решение жюри об отклонении диссертации PhD, имеют право подать письменное апелляционное заявление на имя руководителя образовательной организации.

37. Апелляционное заявление подается докторантом PhD в произвольной форме в течение 2 месяцев со дня вынесения решения.

38. В течение 10 рабочих дней со дня подачи апелляционного заявления приказом руководителя образовательной организации создается апелляционная комиссия.

В состав апелляционной комиссии включаются не менее 3 специалистов, имеющих ученую степень по соответствующей специальности.

Членами апелляционной комиссии не могут быть научные руководители и члены жюри.

38. Апелляциялык арыз берилген күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен апелляциялык комиссия түзүлөт.

Апелляциялык комиссиянын курамына тиешелүү адистик боюнча окумуштуулук даражага ээ болгон 3төн кем эмес адис кирет.

Илимий жетекчилер жана калыстар тобунун мүчөлөрү апелляциялык комиссиянын мүчөсү боло албайт.

39. Апелляциялык комиссия апелляциялык арызды, калыстар тобунун мүчөлөрүнүн экспертизасынын корутундусун, алдын ала коргоонун протоколун жана видео жазуусун, PhD диссертациясын карайт.

Апелляциялык комиссия апелляциянын натыйжалары боюнча корутундуну даярдайт жана ал түзүлгөн күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде чечим чыгарат.

Апелляциялык комиссиянын чечими ачык добуш берүүдө көпчүлүк добуш менен кабыл алынат, ага анын бардык мүчөлөрү кол коет жана билим берүү уюмунун жетекчисине жиберилет.

40. Апелляциялык комиссия тарабынан PhD диссертациясынын алдын ала экспертизасын кайрадан жүргүзүү жөнүндө чечим чыгарылса, билим берүү уюмунун жетекчиси калыстар тобунун мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмес курамын жаңылайт.

41. Апелляциялык комиссиянын чечими ал кабыл алынган күндөн тартып 5 күндүн ичинде PhD докторантына билдирилет.

42. Апелляцияга кайрадан арыз берүүгө жол берилбейт.

Апелляция жүргүзүү тартиби билим берүү уюму тарабынан бекитилет.

43. Калыстар тобунун PhD диссертациясын четке кагуу жөнүндө кайрадан чыгарылган чечими менен макул болбогон учурда, чечимди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде талашууга болот.

## 5-глава. PhD докторанттарынын окуусун калыбына келтирүү, окуудан чыгаруу, которуу жана академиялык өргүү берүү тартиби

44. PhD докторанттарынын окуусун калыбына келтирүү жана аларды бир билим берүү уюмунан башкага которуу, PhD/тармак боюнча докторантурадан аспирантурага жана тескерисинче которуу билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен жүзөгө ашырылат.

45. PhD/тармак боюнча докторантурадан чыгарылган адамдар 10 жылдын ичинде окуусун калыбына келтирүүгө укуктуу.

PhD докторантынын окуусун калыбына келтирүү окуудан чыгарууда жеткиликсиз көлөмдөгү жекече окуу планын аткарган учурда билим берүү уюмунун буйругу менен жүзөгө ашырылат.



39. Апелляционная комиссия рассматривает апелляционное заявление, заключения экспертизы членов жюри, протокол и видеозапись предварительной защиты, диссертацию PhD.

Апелляционная комиссия готовит заключение по результатам апелляции и выносит решение в течение 30 календарных дней со дня ее создания.

Решение апелляционной комиссии принимается открытым голосованием большинством голосов, подписывается всеми его членами и направляется руководителю образовательной организации.

40. При вынесении апелляционной комиссией решения о проведении повторной предварительной экспертизы диссертации PhD руководитель образовательной организации обновляет состав жюри на не менее двух третей членов жюри.

41. Решение апелляционной комиссии сообщается докторанту PhD в течение 5 дней со дня его принятия.

42. Подача заявления на повторную апелляцию не допускается.

Порядок проведения апелляции утверждается образовательной организацией.

43. В случае несогласия с повторным решением жюри об отклонении диссертации PhD решение может быть оспорено в судебном порядке согласно законодательству Кыргызской Республики.

## Глава 5. Порядок восстановления, отчисления, перевода докторантов PhD и предоставления академического отпуска

44. Восстановление докторантов PhD на учебу и их перевод из одной образовательной организации в другой, перевод из докторантуры PhD/по профилю в аспирантуру и обратно осуществляются приказом руководителя образовательной организации.

45. Лица, отчисленные из докторантуры PhD/по профилю, имеют право на восстановление в течение 10 лет.

Восстановление докторанта PhD осуществляется приказом образовательной организации в случае выполнения индивидуального учебного плана в объеме, недостающем при отчислении.

46. При переводе рассматриваются следующие показатели:

1) область научного исследования;

2) количество освоенных кредитов по Европейской системе перевода и накопления кредитов (ECTS);

3) перечень дисциплин образовательного компонента программы;

4) результаты обучения.

47. Докторант PhD может быть отчислен из докторантуры PhD/по профилю в следующих случаях:

1) по собственному желанию;

2) за невыполнение индивидуального учебного плана;

46. Которууда төмөнкү көрсөткүчтөр каралат:

1) илимий изилдөөнүн тармагы;

2) Кредиттерди которуунун жана топтоонун Европа системасы (ECTS) боюнча өздөштүрүлгөн кредиттердин саны;

3) программанын билим берүү компонентинин дисциплиналарынын тизмеги;

4) окуунун натыйжалары.

47. PhD докторанты төмөнкү учурларда PhD/тармак боюнча докторантурадан чыгарылышы мүмкүн:

1) өз каалоосу менен;

2) жекече окуу планын аткарбаган дыгы үчүн;

3) билим берүү уюмунун ички тартип эрежелерин бузгандыгы үчүн;

4) докторант менен билим берүү уюмунун ортосунда түзүлгөн келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн.

PhD докторанты окуудан чыгарылган учурда анын жеке арызынын негизинде транскрипт берилет.

48. Ооруп калган, каникулда, кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүдө, ошондой эле академиялык өргүүдө болгон учурда PhD докторанттарын окуудан чыгарууга жол берилбейт.

49. PhD докторанттарына медициналык көрсөтмөлөр боюнча, ошондой эле башка өзгөчө шарттарда (билим алуусун улантууга мүмкүндүк бербеген табигый кырсыктар, үй-бүлөлүк жана башка абал) академиялык өргүү берилиши мүмкүн.

Академиялык өргүү 12 календардык айдан ашпоого тийиш.

50. PhD докторантына академиялык өргүү берүү жөнүндө чечимди тиешелүү документтерди тиркөө менен PhD докторантынын жеке арызынын негизинде билим берүү уюмунун жетекчиси кабыл алат.

51. Окууну калыбына келтирүү жана окуу процессине кирүүгө уруксат PhD докторантынын жеке арызынын негизинде билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен таризделет.

## 6-глава. Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу жана диплом берүү

52. Эгерде жыйынга катышкан калыстар тобунун мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси ага добуш берсе, философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу маселеси боюнча калыстар тобунун чечими оң болуп эсептелет.

53. PhD диссертациясын ийгиликтүү жактаган PhD докторантына калыстар тобунун мүчөлөрү тарабынан ачык добуш менен илимий же башка кесиптик ишти жүргүзүү укугу менен



3) за нарушение правил внутреннего распорядка образовательной организации;

4) за невыполнение условий договора, заключенного между докторантом и образовательной организацией.

В случае отчисления докторанта PhD на основании личного заявления выдается транскрипт.

48. Не допускается отчисление докторантов PhD во время их болезни, каникул, отпуска по беременности и родам, а также академического отпуска.

49. Докторантам PhD может быть предоставлен академический отпуск по медицинским показаниям, а также в других исключительных случаях (стихийные бедствия, семейные и другие обстоятельства, не позволяющие продолжить образование), при предоставлении удостоверяющих документов.

Академический отпуск не может превышать 12 календарных месяцев.

50. Решение о предоставлении академического отпуска докторанту PhD принимает руководитель образовательной организации на основании личного заявления докторанта PhD с приложением соответствующих документов.

51. Восстановление и допуск к учебному процессу докторанта PhD оформляется приказом образовательной организации на основании личного заявления докторанта PhD.

## Глава 6. Присуждение ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю и выдача диплома

52. Решение жюри по вопросу присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю считается положительным, если за него проголосовало не менее двух третей членов жюри, участвовавших в заседании.

53. Докторанту PhD, успешно защитившему диссертацию PhD, членами жюри открытым голосованием выносится решение о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю с правом осуществления научной и другой профессиональной деятельности.

54. Документ о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю государственного образца устанавливается уполномоченным государственным органом в области образования и науки Кыргызской Республики.

Образовательная организация выдает документ государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю в установленном порядке.

философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу жөнүндө чечим чыгарылат.

54. Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан белгиленет.

Билим берүү уюму белгиленген тартипте философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документти берет.

Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документке калыстар тобунун төрагасы жана билим берүү уюмунун жетекчиси кол коет.

55. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын ишке ашыруу PhD докторанттарынын жеке каражаттарынын, билим берүү уюмунун атайын каражаттарынын, жеке фонддордун, ишканалардын жана жеке адамдардын, эл аралык илимий жана билим берүү гранттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.



Документ государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю подписывается председателем жюри и руководителем образовательной организации.

55. Реализация послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю осуществляется за счет собственных средств докторантов PhD, специальных средств образовательной организации, за счет частных фондов, предприятий и частных лиц, международных научных и образовательных грантов.